Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын абалы жөнүндө
2020-жылдын II чейреги үчүн
**ОТЧЕТ**


**1. Нак акча жүгүртүү түзүмү**

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын II чейрегинде 95,4 пайызды түзүп, 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 2,8 пайызга азайган (2019-жылдын II чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 98.2 пайызды түзгөн).

**1-таблица.**
Нак акчанын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы
*(млн сом)*

| Региондун аталышы | Келип түшүүлөр | | Берүүлөр | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2019-ж. II чейреги** | **2020-ж. II чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2020-ж. II чейреги** | **2019-ж. II чейреги** | **2020-ж. IIчейреги** |
| **Бардыгы болуп:** | **500 030,9** | **422 883,5** | **508 968,5** | **443 163,5** | **98,2** | **95,4** |
| Бишкек ш. | 257 663,3 | 206 652,8 | 255 907,8 | 212 093,2 | 100,7 | 97,4 |
| Ош ш. | 61 488,7 | 46 538,6 | 64 414,8 | 52 760,0 | 95,5 | 88,2 |
| Чүй областы | 38 101,1 | 28 319,7 | 38 039,1 | 28 208,0 | 100,2 | 100,4 |
| Ысык-Көл областы | 23 794,2 | 24 680,0 | 25 310,2 | 26 206,9 | 94,0 | 94,2 |
| Талас областы | 10 922,9 | 14 188,3 | 12 514,5 | 15 271,2 | 87,3 | 92,9 |
| Нарын областы | 11 407,5 | 12 081,8 | 12 200,7 | 13 087,4 | 93,5 | 92,3 |
| Ош областы | 23 690,0 | 21 798,2 | 23 665,8 | 21 751,0 | 100,1 | 100,2 |
| Жалал-Абад областы | 512 305,4 | 48 204,9 | 55 325,8 | 53 416,0 | 92,7 | 90,2 |
| Баткен областы | 21 657,8 | 20 419,2 | 21 589,8 | 20 369,7 | 100,3 | 100,2 |

**1-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**




Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулугу 2020-жылдын II чейрегинде 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда төмөнкү региондор боюнча өскөн:

- Чүй областы боюнча – 0,2 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,2 пайызга;
- Талас областы боюнча – 5,6 пайызга;
- Ош областы боюнча – 0,1 пайызга.

Нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү 2020-жылдын II чейреги ичинде Чүй областы боюнча – 100,4 пайызды түзгөн. Ошондой эле Ош жана Баткен областтары боюнча – 100,2 пайыз чегинде катталган. Ал эми нак акчанын кайтарымдуулугу боюнча кыйла төмөн көрсөткүч Ош шаары боюнча белгиленген – 88,2 пайыз.

Нак акчанын коммерциялык банктардын кассаларына түшүүсү отчеттук мезгил ичинде 422 883,5 млн сомду түзүү менен 2019-жылдын II чейрегине салыштырганда 15,4 пайызга төмөндөгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын келип түшүүсү негизги булактар боюнча төмөнкүнү түзгөн:

- коммерциялык банктын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пункттарынан – 196 223,7 млн сомду, төмөндөө 14,6 пайызды түзгөн (2019-жылдын II чейрегинде – 229 765,4 млн сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 18 455,7 млн сомду, азаюу 20,5 пайызды (2019-жылдын II чейрегинде – 23 211,6 млн сомду) түзгөн;


- банкоматтарды жана төлөм терминалдарын инкассациялоодон – 76 511,2 млн сом, көбөйүү 18,6 пайыз (2019-жылдын II чейрегинде – 64 507,0 млн сом) чегинде катталган;

- локалдык акча которууларды жүзөгө ашыруу үчүн – 27 314,7 млн сомду, азаюу 19,4 пайызды (2019-жылдын II чейрегинде – 33 893,7млн сом) түзгөн;


- кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашыруудан жана аткарылган иштерден – 30 424,6 млн сомду, азаюу 24,3 пайызды (2019-жылдын II чейрегинде – 40 203,2 млн сомду) түзгөн;

- чет өлкө валютасын сатуудан – 19 712,5 млн сом, азаюу 44,6 пайыз (2019-жылдын II чейрегинде – 35 609,6 млн сом) чегинде катталган.

**2-график. 2019-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**3-график. 2020-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2020-жылдын II чейрегинде 443 163,5 млн сомду түзүп, өткөн жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 12,9 пайызга төмөндөгөн.

2020-жылдын II чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары:

- коммерциялык банктын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна берүү – 194 293,5 млн сомду түзүп, 14,8 пайызга азайган (2019-жылдын II чейрегинде – 228 070,8 млн сомду);

- кызмат көрсөтүүлөргө жана аткарылган иштерге төлөө – 13 720,3 млн сомду түзүп, 36,4 пайызга азайган (2019-жылдын II чейрегинде – 21 557,7 млн сом) чегинде катталган;

- банкоматтарды толуктоо – 105 823,0 млн сомду, көбөйүү 15,1 пайызды (2019-жылдын II чейрегинде – 91 967,9 млн сомду) түзгөн;


- локалдык акча которууларга төлөө – 25 268,0 млн сомду, азаюу 20,3 пайызды (2019-жылдын II чейрегинде – 31 720,1 млн сомду) түзгөн;

- товарларга төлөө – 2 614,6 млн сом, азаюу 37,5 пайыз (2019-жылдын II чейрегинде – 4 183,0 млн сом) чегинде белгиленген;


- чет өлкө валютасын сатып алуу – 35 938,2 млн сомду, азаюу 28,4 пайызды (2019-жылдын II чейрегинде – 50 201,2 млн сомду) түзгөн;

- эмгек акыны төлөө – 793,9 млн сом, азаюу 13,9 пайыз (2019-жылдын II чейрегинде – 922,0 млн сом) чегинде катталган.

**4-график. 2019-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**5-график. 2020-жылдын II чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




## 2. Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр түзүмү

### 2.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн Пакеттик клиринг системасы (ПКС)

2020-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча клирингдик төлөмдөрдүн көлөмү 39 914,0 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 23,1 пайызга азайган.

Клирингдик төлөмдөрдүн саны 2020-жылдын II чейрек ичинде 1 380 610 төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 47,1 пайызга азайган.

### 2.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (ГСРРВ)

Гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2020-жылдын II чейрегинде 884 866,7 млн сомду түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 22,2 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп ГСРРВ аркылуу отчеттук мезгилде 106 879 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,9 пайызга азайган.

**2-таблица.**
Клирингдик жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү

| Мезгили | ПКС | | ГСРРВ | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2019-ж. II чейреги | 2 612 084 | 51 909.8 | 116 093 | 724 065,0 | 2 728 123 | 775 974,8 |
| 2020-ж. II чейреги | 1 380 610 | 39 914,0 | 106 879 | 884 866,7 | 1 487 489 | 924 780,7 |

### 2.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2020-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөр бардык коммерциялык банктар тарабынан сунушталган, алардын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын карттары жана 23 банк «Элкарт» улуттук системасы боюнча эмитенти жана эквайери болушкан.

**1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы**

Жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттардын жалпы саны 2020-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 3 039,7 миң картты түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 12,5 пайызга өскөн.

Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлөт:

**- эл аралык системалар** **1 307 826 (43,0%):**

- «VISA» 834 931 (27,5%);
- «Master Card» 68 614 (2,2%);
- «Золотая Корона» (Россия) 399 409 (13,1%);
- «Union Pay International» 4 872 (0,2%).

- **«Элкарт» улуттук системасы** **1 731 922 (57,0%):**
  - «Элкарт» 1 728 609 (56,9%);
  - «Элкарт-UPI» 3 313 (0,1%).


**3-таблица.**
Жүгүртүүдөгү карттардын областтар жана системалар боюнча саны:

| Региондун аталышы | Visa | Master Card | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт -UPI | Жыйынтыгында | Үлушү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 577 094 | 44 009 | 106 253 | 445 344 | 2 998 | 2 627 | 1 178 325 | 38,8 |
| Чүй областы | 44 772 | 4 357 | 41 324 | 184 187 | 890 | 83 | 275 613 | 9,1 |
| Ысык-Көл областы | 37 902 | 3 203 | 34 830 | 152 443 | 220 | 80 | 228 678 | 7,5 |
| Нарын областы | 9 806 | 2 550 | 26 249 | 108 034 | 0 | 113 | 146 752 | 4,8 |
| Талас областы | 15 821 | 1 674 | 13 129 | 74 929 | 284 | 34 | 105 871 | 3,5 |
| Жалал-Абад областы | 55 132 | 5 344 | 78 206 | 296 667 | 267 | 145 | 435 761 | 14,3 |
| Ош областы | 74 988 | 5 683 | 75 212 | 332 609 | 188 | 189 | 488 869 | 16,1 |
| Баткен областы | 19 416 | 1 794 | 24 206 | 134 396 | 25 | 42 | 179 879 | 5,9 |
| **Жыйынтыгында** | **834 931** | **68 614** | **399 409** | **1 728 609** | **4 872** | **3 313** | **3 039 748** | **100** |


Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансылык ресурстардын ж.б. топтолушу жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлөт, демек төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу да бул жерде кыйла өнүккөн болуп саналат. Натыйжада, 2020-жылдын II чейреги ичинде карттарды колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндөгү үлүш Бишкек шаары боюнча 52,5 пайызды түзгөн. Ал эми Талас областы боюнча 3,2 пайыз чегинде кыйла төмөн көрсөткүч катталган.

2020-жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча карттарды колдонуу менен эсептешүүлөр системасы боюнча депозиттик базанын коммерциялык банктардагы банктык эсептердеги калдыктарынын көлөмү 28,4 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 14,3 пайызды түзгөн.

**6-график. 2020-ж. 1-нюлуна карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**7-график. 2020-ж. II чейреги үчүн областтар боюнча картты колдонуу аркылуу операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)**




**2) Банктык төлөм карттар эквайринги**

Отчеттук жылдын II чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бүтүндөй аймагы боюнча орнотулган 1 771 банкоматтарда жана 11 518 POS-терминалдарда тейлөөгө кабыл алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын өсүшү 9,3 пайызды же 151ге көп банкоматты, ал эми POS-терминалдар 6,0 пайызды же 651ге көп POS-терминалды түзгөн).

Иштеп турган POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрү боюнча бөлүштүрүүдө төмөнкүнү түзгөн:

- «VISA» жана «MasterCard» эл аралык системалары боюнча – 725 банкомат жана 5 505 POS-терминал;

- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 219 банкомат жана 1 199 POS-терминал;

- «UPI» эл аралык системасы боюнча – 339 банкомат жана 1 331 POS-терминал.

**4-таблица.**

Аралыкта орнотулган жабдуулардын областтар боюнча саны *(даана):*

| **Региондун аталышы** | **Банкоматтар** | **POS-терминалдар** | | **Төлөм терминалдары** |
|---|---|---|---|---|
| | | **Соода тейлөө ишканаларында** | **Банктарда** | |
| Бишкек ш. | 694 | 6795 | 640 | 528 |
| Чүй областы | 181 | 728 | 208 | 199 |
| Ысык-Көл областы | 181 | 568 | 206 | 221 |
| Нарын областы | 80 | 97 | 139 | 87 |
| Талас областы | 70 | 113 | 82 | 107 |
| Жалал-Абад областы | 225 | 332 | 328 | 267 |
| Ош областы | 260 | 630 | 412 | 424 |
| Баткен областы | 80 | 73 | 167 | 147 |
| **Жыйынтыгында:** | **1 771** | **9 336** | **2 182** | **1 980** |

**3) Банктык төлөм карттарын колдонуу менен жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы**

Отчеттук жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча карттарды колдонуу менен 57,6 млрд сом жалпы суммасында 13,3 миллион транзакция өткөрүлгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,7 жана 1,9 пайызга көбөйгөн). Алардын ичинен:

- акча каражаттарын нак акчага айландыруу боюнча операциялардын саны 54,1 млрд сом жалпы суммасында 9,3 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 3,3 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 4,4 пайызга төмөндөгөн;

- соода-тейлөө ишканаларында POS-терминалдар аркылуу жүргүзүлгөн операциялардын саны 3,5 млрд сом жалпы суммасында 4,0 млн транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны 53,8 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 10,3 пайызга төмөндөгөн.

### 2.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү отчеттук чейректе SWIFT, «Банк-Кардар», «Е-Кардар» ж.б. системаларын колдонуу менен өткөрүлгөн. Көбүнчө банктар чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын колдонушкан.

2020-жылдын II чейреги ичинде валютанын 11 түрү боюнча эл аралык төлөм өткөрүлгөн. Кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү жылдын II чейрегинде 545,1 млрд сомду түзүп, өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 17,5 пайызга азайган.

Чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 632,3 млрд сомду түзүп, өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 10,2 пайызга азайган.


### 2.5. Акча которуулар

Акча которуулар эл аралык жана локалдык акча которуу системалары боюнча жүзөгө ашырылган. Жылдын II чейреги ичинде акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 40,8 млрд сом жалпы суммасында 1 975,6 миң транзакцияны түзүп, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 24,7 жана 4,4 пайызга азайган.


Чыккан которуулардын саны 8,8 млрд сом жалпы суммасында 171,3 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 23,8 жана 21,1 пайызга азайган.

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына – кирген которуулардын жалпы көлөмүнүн 42,7 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнүн 61,4 пайызы туура келген.

**8-график. 2020-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**9-график. 2020-жылдын II чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары берген отчетторго ылайык, Кыргыз Республикасында акча которуу системалары боюнча акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелеринин которууларды финансылык жактан камсыз кылуу жагында талаптары сакталган.

Эл аралык акча которуу системаларынын жалпы санынын ичинен үчөө коммерциялык банктар менен камсыздандыруу депозитин берүү менен гана, калгандары камсыздоолордун эки түрүн (камсыздандыруу депозитин же камсыз кылуучу төлөмүн) тең колдонуу менен иш алып барышат.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын төрт түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

**1) АКШ долларында акча которуулар**

2020-жылдын II чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 207,1 млн АКШ доллары суммасында 272,8 миңди түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 27,2 пайызга азайган, ал эми анын көлөмү 25,4 пайызга көбөйгөн. Чыккан которуулардын саны 70,7 млн АКШ доллары суммасында 70,5 миң төлөмдү түзгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 26,1 жана 19,7 пайызга азайган.

**2) Евро валютасында акча которуулар**

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 5,4 млн евро жалпы суммасында 13,6 миң кирген которуулар өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 11,1 жана 13,5 пайызды түзгөн. Чыккан которуулардын саны 1,5 млн евро жалпы суммасында 1,9 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 40,9 жана 66,9 пайызга азайган.

**3) Орус рублинде акча которуулар**

Отчеттук мезгил ичинде 22 658,2 млн рубль суммасында 1 689,2 миң кирген которуу өткөрүлгөн, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 24,5 жана 19,1 пайызга азайган. Чыккан которуулар боюнча 3 081,4 млн рубль суммасында 98,5 миң транзакция ишке ашырылган, өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша, 21,1 жана 27,8 пайызга азайган.

**4) Казак теңгесинде акча которуулар**

2020-жылдын II чейрегинде 0,3 млн теңге суммасында 4 кирген которуу ишке ашырылган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда төмөндөө тиешелүүлүгүнө жараша 99,5 жана 99,4 пайызды түзгөн. Чыккан которуулар 84,7 млн теңге жалпы суммасында 0,5 миң транзакцияны түзгөн, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 89,5 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 2,2 эсе көбөйгөн.

**5-таблица.**

Акча которуу системалары аркылуу акча которуулар:

| **Акча которуу системалары** | | **2019-ж. II ч.** | | **2020-ж. II ч.** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Саны,** *(миң даана)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* | **Саны,** *(миң даана)* | **Көлөмү,** *(млн сом)* |
| **Western Union** | Кирген | 117,0 | 2 748,1 | 408,3 | 6 381,1 |
| | Чыккан | 10,7 | 550,8 | 7,2 | 403,7 |
| **Contact** | Кирген | 60,7 | 2 018,1 | 42,1 | 1 722,1 |
| | Чыккан | 19,1 | 627,6 | 23,9 | 733,8 |
| **Money Gram** | Кирген | 21,5 | 838,0 | 20,0 | 776,3 |
| | Чыккан | 1,6 | 100,0 | 1,0 | 66,1 |
| **Юнистрим** | Кирген | 189,0 | 4 106,3 | 39,4 | 1 808,8 |
| | Чыккан | 4,7 | 549,7 | 2,4 | 216,8 |
| **БЛИЗКО** | Кирген | 0,4 | 16,1 | 0,00 | 0,00 |
| | Чыккан | 0,008 | 0,5 | 0,00 | 0,00 |
| **FASTER** | Кирген | 0,9 | 13,2 | 0,00 | 0,00 |
| | Чыккан | 0,2 | 7,1 | 0,00 | 0,00 |
| **Золотая корона** | Кирген | 2 232,5 | 32 873,4 | 1 462,0 | 29 993,3 |
| | Чыккан | 188,2 | 9 367,9 | 136,7 | 7 417,7 |
| **RIA** | Кирген | 2,8 | 90,3 | 3,8 | 131,7 |
| | Чыккан | 0,1 | 2,6 | 0,1 | 5,2 |
| **Жыйынтыгында, системалар боюнча** | **Кирген** | **2 624,8** | **42 703,5** | **1 975,6** | **40 813,3** |
| | **Чыккан** | **224,6** | **11 206,2** | **171,3** | **8 843,3** |

**2.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары**

2020-жылдын 1-июлуна карата абал боюнча 24 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 21 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 24 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна берилген.

2020-жылдын II чейрегинде төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 9,1 млрд сом жалпы суммасында 32,6 млн транзакция өткөрүлгөн.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,6 млрд сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 40,3 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 27,4 млн транзакцияны түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 83,9 пайызы).

Товарлардын/кызмат көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга төлөө, салыктык жыйымдарга, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр)

1 084,9 млн сомду (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 11,99 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,8 млн транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынын 5,5 пайызын) түзгөн.

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1 202,7 млн сомду (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 13,29 пайыз), ал эми капчыктарды толуктоо саны 1 087,1 миң транзакцияны (төлөмдөрдүн жалпы санынан 3,33 пайыз) түзгөн.

**6-таблица.**

Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү:

| № | Төлөмдүн түрү | Саны *(бирдик)* | Үлүшү *(%)* | Көлөмү, *(миң сом)* | Үлүшү *(%)* |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик уюлдук байланышы | 27 396 403 | 83,91 | 3 648 250,6 | 40,31 |
| 2 | Белгиленген телефон байланышы | 52 295 | 0,16 | 11 244,0 | 0,12 |
| 3 | Интернет | 396 405 | 1,21 | 327 866,2 | 3,62 |
| 4 | Коммуналдык кызматтар | 1 667 333 | 5,11 | 983 157,2 | 10,86 |
| 5 | Салык жыйымдары | 36 149 | 0,11 | 35 694,1 | 0,39 |
| 6 | Жол кыймылынын эрежелерин бузгандыгы үчүн айыптык төлөмдөр | 34 968 | 0,11 | 30 482,3 | 0,34 |
| 7 | Мамлекеттик бюджетке башка төлөмдөр | 59 857 | 0,18 | 35 556,2 | 0,39 |
| 8 | Банк эсебин толуктоо | 170 431 | 0,52 | 522 147,6 | 5,77 |
| 9 | ФКУнун кредити үчүн төлөө | 97 740 | 0,30 | 261 782,8 | 2,89 |
| 10 | Башка банктык кызматтар | 256 507 | 0,79 | 888 802,1 | 9,82 |
| 11 | Электрондук капчыкты толтуруу | 1 087 121 | 3,33 | 1 202 697,3 | 13,29 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 114 523 | 0,35 | 177 063,0 | 1,96 |
| 13 | Социалдык тармактар | 13 198 | 0,04 | 3 464,9 | 0,04 |
| 14 | Интернет оюндары | 44 011 | 0,13 | 39 025,8 | 0,43 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелерде эсепти толтуруу | 22 446 | 0,07 | 38 255,3 | 0,42 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 601 381 | 1,84 | 54 442,2 | 0,60 |
| 17 | Жарнак кызматтары | 264 | 0,001 | 175,5 | 0,002 |
| 18 | Кулактандыруулар | 11 100 | 0,03 | 5 339,4 | 0,06 |
| 19 | Кайрымдуулук | 3 378 | 0,01 | 891,2 | 0,01 |
| 20 | Билим берүү | 952 | 0,003 | 2 840,8 | 0,03 |
| 21 | Туристтик сапарлар | 1 577 | 0,005 | 471,9 | 0,01 |
| 22 | Башка төлөмдөр | 580 705 | 1,78 | 781 821,8 | 8,64 |
| **2020-жылдын II чейрегинин жыйынтыгында** | | **32 648 744** | **100,0** | **9 051 472,3** | **100,0** |



10-график. Төлөмдөрдүн саны, %



11-график. Төлөмдөрдүн көлөмү, %

Төлөм уюмдарынын иши автоматташтырылган өз алдынча тейлөө терминалдары (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген.

Отчеттук мезгилдин II-чейрегинин акырына карата абал боюнча төлөм уюмдарынын жана алардын агенттеринин төлөм терминалдарынын саны 2019-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 1,2 эсеге көбөйүп, 7 929 бирдикти түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

**2.7. Электрондук акча**

2020-жылдын II чейрегинин акырына карата жети коммерциялык банк электрондук акчанын эмитенти болуп саналат, электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча он бир локалдык система иш алып барууда, алардын ичинен эки системасы 2019-жылдын II чейрегинен тартып чектелген функционал менен иш (электрондук акчаны нак акчага айландыруу (төлөө) иши гана) жүргүзүлгөн.

Өткөн мезгилге салыштырганда электрондук акча боюнча көрсөткүчтөрдүн өсүшү байкалган, бул аларды колдонуунун жеңилдигине жана ыңгайлуулугуна байланыштуу болгон. Электрондук капчыктардын саны 2,8 млн. капчыкты түзүп, 21,3 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 95,7 пайызга көбөйгөн).

2019-жылдын II чейрегине салыштырганда отчеттук мезгил ичинде:

- электрондук капчыктар ортосунда акча каражаттарын которуу боюнча операцияларынын көлөмү 16,4 пайызга азайып, 1,0 млрд. сомго жакынды түзгөн, акча каражаттарын которуунун саны 0,2 млн. операцияны түзүп, 34,9 пайызга көбөйгөн;
- электрондук акчаны накталай акчага айландыруу операцияларынын көлөмү 16,5 пайызга төмөндөп, 3,0 млрд. сомду түзгөн, мында операциялардын саны 31,5 пайызга көбөйүп 0,5 млн. операцияны түзгөн;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операцияларынын көлөмү 9,2 пайызга көбөйүп, 1,5 млрд. сомду түзгөн, ал эми операциялардын саны 12,5 пайызга төмөндөп, 3,6 млн операция катталган;
- электрондук капчыктарды толуктоо операцияларынын көлөмү 7,2 пайызга азайып, 4,7 млрд. сомду түзгөн, мында электрондук капчыктарды толуктоонун саны 2,7 млн. операцияны түзүп, 3,0 пайызга көбөйгөн.

**12-график. Электрондук капчыктардын санынын динамикасы (млн бирдик)**




**13-график. Электрондук акчалар менен транзакциялардын саны жана көлөмү**




**2.8. Банктык чекене агенттер**

Агенттердин ишке тартылышы коммерциялык банктарга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү, кредиттердин ордун жабуу, банктык эсепти толуктоо, банктык карттардан нак акча каражатын берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.

2020-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны:

- 69 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 39га же 2,3 эсеге көбөйгөн;

- 253 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн чектелген чөйрөсүн сунуштаган, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда агенттердин саны 24кө же 10,5 пайызга көбөйгөн.

**3. Методологиялык иш**

2020-жылдын II чейрегинин жыйынтыгы боюнча Улуттук банк Башкармасынын токтому менен төмөнкү ченемдик укуктук актылар бекитилген:

- «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-2-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому, Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 27-майындагы № 2020-П-14/31-7-(ПС) токтомунун редакциясына ылайык;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 29-июнундагы № 2020-П-14/38-6-(ПС) «COVID-19 коронавирус инфекциясынын жайылышына байланыштуу төлөм уюмдарына\төлөм системаларынын операторлоруна инспектордук текшерүүлөрдү, өтүнмө берүүчүлөргө алдын ала текшерүүлөрдү жүргүзүүнү токтото туруу боюнча убактылуу чаралар жөнүндө» токтому.

*Эскертүү: Берилген маалыматтар коммерциялык банктар тарабынан корректировкалоолоруна байланыштуу корректировкаланышы мүмкүн.*